Горфо

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ДЕПУТАТТАРДЫН ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

715600, Жалал-Абад шаары, Ж.Бакиев көчөсү,38
тел: (03722) 5-32-37, факс 2-10-22

715600, г. Жалал-Абад, ул. Ж.Бакиева, 38
тел: (03722) 5-32-37, факс 2-10-22

**« 3 » февраль 2022-ж.**

**IX чакырылыш**
**кезектеги XIV сессия**

**ТОКТОМ** **№ 2** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Жалал-Абад шаарынын 2022-жылга шаардык бюджетин бекитүү жана 2023-2024-жж. бюджетинин болжолу (прогноз) жөнүндө**

Жалал-Абад шаарынын 2022-жылга шаардык бюджетинин киреше, чыгаша бөлүктөрү, шаардык бюджеттин 2023-2024–жылдардагы бюджетинин болжолу (прогноз) 17.01.2022-жылдагы «Кыргыз Республикасынын 2022-жылга Республикалык бюджети жана 2023-2024-жж. болжолу жөнүндө» №1-мыйзамынын, «Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин», 27.10.2021-жылдагы «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү» № 125-мыйзамынын, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131-токтомуна жана башка укуктук актыларга ылайык, бюджеттик мекеме уюмдарынын берген долбоорлорунун негизинде түзүлүп, Жалал-Абад шаардык кеңешинин бюджет, экономика, каржы жана салыктар боюнча туруктуу комиссиясынын кеңешмесинде каралып, Депутаттардын Жалал-Абад шаардык кеңешинин кезектеги XIV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жалал-Абад шаарынын 2022-жылга шаардык бюджетинин кирешелер бөлүгү 564 407,1 миң сомду, анын ичинен атайын төлөмдөрдөн түшүүчү кирешелер 109 568,5 миң сомду, чыгаша бөлүгү 564 407,1 миң сом, анын ичинен атайын төлөм боюнча чыгашалар 109 568,5 миң сом өлчөмүндө № 1, № 2, № 2а тиркемелеринин негизинде бекитилсин.
2. Жалал-Абад шаарынынын 2023-2024-жылдарга жергиликтүү бюджетинин негизги көрсөткүчтөрүнүн болжолу № 1, № 3 тиркемелерге ылайык жактырылсын.
3. 01.01.2022-жылга калган калдыктын эсебинен каржылоо № 4-(бюджет), № 4а- (атайын төлөмдөр) тиркемелерине ылайык бекитилсин.
4. «Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин» 24-беренесине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын шаардык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн көлөмүнө карата 1% чейинки жергиликтүү бюджеттин резервдик фонду 3000,0 миң сом өлчөмүндө түзүлсүн, пайдалануунун багыттары жана көлөмдөрү жөнүндө чечим жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы тарабынан «Кыргыз

Сканировано с CamScanner

Республикасынын Бюджеттик кодексинин» талаптарына ылайык кабыл алуу жа
белгиленсин.

5. № 2-тиркемедеги үлүштүк каржылоого каралган 10 000,0 миң сом акча каражат республикалык бюджеттен бөлүнүүчү түрткү берүүчү гранттан жеңишке ээ болго долбоорлордун үлүштүк каржылоосуна жана жыл ичинде Жалал-Абад областык өнүктүрү фондуна даярдалган долбоорлорго, Жалал-Абад шаарынын ар түрдүү маселелерин жергиликтүү тургундар тарабынан демилгеленген долбоорлорду жергиликтүү өз алдынч башкаруунун аткаруучу органы тарабынан түзүлгөн комиссиянын жактыруусу менен 30% 50% чейинки үлүштүк каржылоосун камсыз кылууга мэриянын буйругунун негизинд каржыланары белгиленсин.
6. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана өзгөчө кырдаалдардын кесепетин жоюуга каралган 250,0 миң сом акча каражаты мэриянын алдында түзүлгөн комиссиянын жыйынтыгы менен мыйзам чегинде шаар мэриясынын буйругунун негизинде каржылансын.
7. Коронавирустук инфекциянын алдын алууга жана кесепетин жоюуга каралган 1 000,0 миң сом акча каражаты мэриянын алдында түзүлгөн комиссиянын жыйынтыгы менен мыйзам чегинде шаар мэриясынын буйругунун негизинде каржылансын.
8. Шаардык бюджеттин эсебинен ар бир мугалимге ай сайын коммуналдык чыгымдарын төлөө үчүн компенсация 2022-жылдын 1-январынан тартып 500 сомдон төлөп берүү, мугалимдер күнүнө карата ар бир мугалимге, бала бакчалардын тарбиялоочуларына 2000 сомдон (шаардык кеңеш тарабынан бекитилген жобого ылайык) төлөп берүү шаардык билим берүү бөлүмүнө милдеттендирилсин.
9. Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнө бала бакчаларга I группадагы ата-энеси майыптардын, I-II даражадагы майып балдарды, тоголок жетимдерди 100%га ата-эне акысынан (родплата) жана ар түрдүү жыйымдардан толугу менен бошотулсун.
10. Жалал-Абад шаарынын бюджетинен каржыланган мекемелердин штаттык бирдиктери токтомдо тиркелген № 5, № 6, № 7, № 8, № 9, № 11, № 12, № 13, № 14, № 15, № 17, № 18, № 19, № 20, № 21, № 22, №23, № 24, № 25 -тиркемелерге ылайык өзгөртүү толуктоолор менен бекитилсин жана кызматтык пайдалануу үчүн (КПҮ) колдонулуусу белгиленсин.
11. Атайын эсептен каржыланган Жалал-Абад шаарынын мэриясынын алдындагы керек жарак рыногу жана кызмат көрсөтүү департаментинин, «Жалал-Абад Тазалык» мекемесинин штаттык бирдиктери № 10, № 16 -тиркемелерге ылайык өзгөртүү толуктоолор менен бекитилсин жана кызматтык пайдалануу үчүн (КПҮ) колдонулуусу белгиленсин.
12. Жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин штаттык бирдиктеринде кошумча үстөк акылар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык

Сканировано с CamScanner

Республикасынын Бюджеттик кодексинин» талаптарына ылайык кабыл алуу жа
белгиленсин.

5. № 2-тиркемедеги үлүштүк каржылоого каралган 10 000,0 миң сом акча каражат республикалык бюджеттен бөлүнүүчү түрткү берүүчү гранттан жеңишке ээ болгс долбоорлордун үлүштүк каржылоосуна жана жыл ичинде Жалал-Абад областык өнүктүрү фондуна даярдалган долбоорлорго, Жалал-Абад шаарынын ар түрдүү маселелерин жергиликтүү тургундар тарабынан демилгеленген долбоорлорду жергиликтүү өз алдынч башкаруунун аткаруучу органы тарабынан түзүлгөн комиссиянын жактыруусу менен 30% 50% чейинки үлүштүк каржылоосун камсыз кылууга мэриянын буйругунун негизинд каржыланары белгиленсин.
6. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана өзгөчө кырдаалдардын кесепетин жоюуга каралган 250,0 миң сом акча каражаты мэриянын алдында түзүлгөн комиссиянын жыйынтыгы менен мыйзам чегинде шаар мэриясынын буйругунун негизинде каржылансын.
7. Коронавирустук инфекциянын алдын алууга жана кесепетин жоюуга каралган 1 000,0 миң сом акча каражаты мэриянын алдында түзүлгөн комиссиянын жыйынтыгы менен мыйзам чегинде шаар мэриясынын буйругунун негизинде каржылансын.
8. Шаардык бюджеттин эсебинен ар бир мугалимге ай сайын коммуналдык чыгымдарын төлөө үчүн компенсация 2022-жылдын 1-январынан тартып 500 сомдон төлөп берүү, мугалимдер күнүнө карата ар бир мугалимге, бала бакчалардын тарбиялоочуларына 2000 сомдон (шаардык кеңеш тарабынан бекитилген жобого ылайык) төлөп берүү шаардык билим берүү бөлүмүнө милдеттендирилсин.
9. Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнө бала бакчаларга I группадагы ата-энеси майыптардын, I-II даражадагы майып балдарды, тоголок жетимдерди 100%га ата-эне акысынан (родплата) жана ар түрдүү жыйымдардан толугу менен бошотулсун.
10. Жалал-Абад шаарынын бюджетинен каржыланган мекемелердин штаттык бирдиктери токтомдо тиркелген № 5, № 6, № 7, № 8, № 9, № 11, № 12, № 13, № 14, № 15, № 17, № 18, № 19, № 20, № 21, № 22, №23, № 24, № 25 -тиркемелерге ылайык өзгөртүү толуктоолор менен бекитилсин жана кызматтык пайдалануу үчүн (КПҮ) колдонулуусу белгиленсин.
11. Атайын эсептен каржыланган Жалал-Абад шаарынын мэриясынын алдындагы керек жарак рыногу жана кызмат көрсөтүү департаментинин, «Жалал-Абад Тазалык» мекемесинин штаттык бирдиктери № 10, № 16 -тиркемелерге ылайык өзгөртүү толуктоолор менен бекитилсин жана кызматтык пайдалануу үчүн (КПҮ) колдонулуусу белгиленсин.
12. Жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин штаттык бирдиктеринде кошумча үстөк акылар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык

Сканировано с CamScanner

кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» токтомунун 4-пунктунун 4-пунктчасына ылайык төлөп берүү жагы мекемелердин жетекчилерине милдеттендирилсин.

13. Жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин муниципалдык кызматка кирбеген штат бирдиктерине кошумча үстөк акылар эмгек акынын аздыгын эске алуу менен штат бирдиктеринде көрсөтүлгөн үстөк акыга ылайык төлөп берүү жагы мекеме-ишканалардын жетекчилерине милдеттендирилсин.

14. Жалал-Абад шаарынын маданият бөлүмүнүн каржылоосун республикалык бюджетке өткөрүү, же болбосо 2022-жылдын 1-июлунан жоюуу боюнча иш алып баруу жагы мэриянын социалдык тармак боюнча вице-мэри Г. Таштанбековага милдеттендирлисин.

15. «Жалал-Абадсууканал» мекемесине жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражат кредитти кайтарууга жана шаардагы суу түтүктөрүн жана канализация тутумдарын оңдоого (курууга) каржылоо Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Жалал-Абад финансы башкармалыгына милдеттендирилсин жана кредиттин калган кайтарымын толугу менен 2022-жылга кредитордук карызы жок чыгуу "Жалал-Абад Сууканал" башкармалыгынын жетекчисине милдеттендирилсин.

16. Билим берүү бөлүмүнө караштуу үй-бүлө тибиндеги балдар үйүнө жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражатты (тамак аш чыгымдарынан сырткары) билим берүү бөлүмүнүн алдында түзүлгөн комиссия менен бирге чыгымдоо жагы билим берүү бөлүмүнүн башчысы Ы.Калчаевге жүктөлсүн жана көзөмөлдөө жагы социалдык тармакты тейлеген вице-мэрге милдеттендирилсин. Комиссиянын курамына мэриянын, шаардык кеңештин кызматкерлерин жана депутаттарды (макулдашуу менен) кошуу жагы билим берүү бөлүмүнө милдеттендирилсин.

17. Жалал-Абад шаардык "Үй бүлөөгө жана балдарга жардам берүү" кайрымдуулук борборунун жетекчисине (Н.Айсариев) жергиликтүү бюджеттен берилген материалдык жардамдар Жалал-Абад шаарынын 1 жылдан ашык туруктуу каттоодо турган тургундарына акчага муктаж болгон оорулуу жарандарга, I, II тайпадагы майыптарга, социалдык коргоо башкармалыгында жакыр үй бүлө катары каттоодо турган жашоо шарты оор үй бүлөлөргө (өздүгүн тактап, тиешелүү документтерин аныктап) төлөп берүү жагы милдеттендирилсин.

18. Жалал-Абад шаарынын билим берүү бөлүмүнүн мекемелерине (мектеп, бала бакчаларга) көмүр сатып алууда ар бир от казандын мүнөздөмөсүндө көрсөтүлгөн көмүрдүн жылуулук баалуулугуна жараша жарыя берүү жана сатып алынган көмүргө тийиштүү адистердин короутундусунун негизинде, сапатына дал келген учурда акча каражатын төлөп берүү билим берүү бөлүмүнүн башчысына жана башкы эсепчисине милдеттендирилсин.

Сканировано с CamScanner

19. Жалал-Абад шаарынын №14-мектеп-гимназиясынын мугалими Алимбекова Гүлүмкан Каримбековнанын боор оорусунан дарылануу үчүн чет өлкөгө барып операция жасатуу үчүн 200,0 миң сом акча каражатын Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмү аркылуу бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

20. Өлкө аймагында күйүүчү майдын баасы күн сайын өзгөрүлүп тургандыгына байланыштуу, Жалал-Абад шаарынын жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин күйүүчү майга мекеме тарабынан тендер жарыялоонун алдында үчтөн кем эмес күйүүчү май ташуучу юридикалык жактар менен мониторинг жүргүзүп, мониторингдин жыйынтыгы менен орточо баага тендер жарыялоо жагы мекемелердин жетекчилерине милдеттендирилсин.

21. Жалал-Абад шаарынын Т.Тайгараев атындагы айылдык башкармалыгынын жаштарынын Ага Хан фондунун компоненти болгон CASA-1000 долбоору аркылуу каржылануучу "Коомчулуктун мобилизация жана социалдык отчеттуулук долбоору" жаштардын өнүгүү планын ишке ашыруу максатында 300,0 миң сом акча каражатын Т.Тайгараев атындагы айылдык башкармалыгы аркылуу каржылоого макулдук берилсин.

22. Экономикалык классификация боюнча №2, №2-а, №3, №4-тиркемелердеги аткарыла турган жумуштардын багытын өзгөртпөй, беренелерди мыйзамдаштыруу максатында жылдыруу жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Жалал-Абад финансы башкармалыгына милдеттендирилсин.

23. Жалал-Абад шаарынын жергиликтүү бюджетинен каржыланган мекемелердин транспорттук чыгымдарынын техникаларды ондоого жана запастык тетиктерге каралган жалпы өлчөмүнүн чегинде 20 % га чейин запастык тетиктиктерди (жараксыз болгондугуна, бузулгандыгына байланыштуу) башка тетиктерге өзгөртүү укугу мекеменин жетекчисине милдеттендирилсин.

24. Жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин жетекчилерине тендер аркылуу түзүлгөн келишимде алдын ала төлөөлөрдү 20% ашырбоо жана калган каражатты жасаган ишке жараша төлөө, ал эми 20% акча каражаты (жеңишке ээ болгон подрядчынын кепилдикке накталай төгүлгөн каражаты менен кошо) (курулуш иштерине) аткарылган иштерди толук мекемеге өткөрүп алгандан кийин төлөө жагы мекеменин жетекчисине милдеттендирилсин.

25. Бюджеттик мекемелердин жетекчилерине мамлекеттик сатып алуу порталына сатып алууларды жарыя бергенде алынуучу кызматтарды, товарларды ж.б. жумуштарды сөсзүз төмөндөгүлөрдү көрсөтүү жагы милдеттендирилсин: а) сатып алынуучу товар, кызмат ж.б. мөнүздөмөсү берилүүсү; б) сапаттуу товарларды жана жумуштарды жасатуу; в) алынган товардын же жумуштун сапатына кепилдик берүү; г) керектүү жерлерде сертификат талап кылуу жана сертификат менен дал келтирип алуусу.

26. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Б.Беркбаева) милдеттендирилсин.

Сканировано с CamScanner

27. Ушул токтомдун аткарылышын козомолго алуу жагын шаардык кенештин бюджет, экономика, финансы жана салык боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.
28. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jacity.kg расмий сайтында жарыялангандан тартып күчүнө кирет.

**Депутаттардын Жалал-Абад шаардык кеңешинин төрагасы** **Н. Орозбаев**

Сканировано с CamScanner

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН
ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ

715600, Жалал-Абад шаары, Ж.Бакиев кочосу,38
тел: (03722) 5-32-37, факс 2-10-22

715600, г. Жалал-Абад, ул. Ж.Бакиева, 38
тел: (03722) 5-32-37, факс 2-10-22

« 11 » февраль 2021-ж.

VIII чакырылыш
кезектеги XXXII сессия

**ТОКТОМ** № 4 **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Жалал-Абад шаарынын 2021-жылга шаардык бюджетин бекитүү жана 2022-2023-жж. бюджетинин болжолу (прогноз) жөнүндө**

Жалал-Абад шаарынын 2021-жылга шаардык бюджетинин киреше, чыгаша бөлүктөрү, шаардык бюджеттин 2022-2023–жылдардагы бюджетинин болжолу (прогноз) «Кыргыз Республикасынын 2021-жылга Республикалык бюджети жана 2022-2023 жж. болжолу жөнүндө» мыйзамынын, 16.05.2016-ж. № 59 «Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин», 30.05.2016-ж. «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү» №75-мыйзамынын, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131-токтомуна жана башка укуктук актыларга ылайык, бюджеттик мекеме уюмдарынын берген долбоорлорунун негизинде түзүлүп, Жалал-Абад шаардык кеңешинин бюджет, экономика, каржы жана салыктар боюнча туруктуу комиссиясынын кеңешмесинде каралып, туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде депутаттардын Жалал-Абад шаардык кеңешинин XXXII сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жалал-Абад шаарынын 2021-жылга шаардык бюджетинин кирешелер бөлүгү 528 532,5 миң сомду, анын ичинен атайын төлөмдөрдөн түшүүчү кирешелер 105 873,0 миң сомду, чыгаша бөлүгү 528 532,5 миң сом, анын ичинен атайын төлөм боюнча чыгашалар 105873,0 миң сом өлчөмүндө № 1, № 2, № 2а тиркемелеринин негизинде бекитилсин.
2. Жалал-Абад шаарынынын 2022-2023-жылдарга жергиликтүү бюджетинин негизги көрсөткүчтөрүнүн болжолу № 1, № 3 тиркемелерге ылайык жактырылсын:
3. 01.01.2021-жылга калган калдыктын эсебинен каржылоо № 4-(бюджет), № 4а- (атайын төлөмдөр) тиркемелерине ылайык бекитилсин.
4. «Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин» 24-беренесине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын шаардык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн көлөмүнө карата 1% чейинки жергиликтүү бюджеттин резервдик фонду 3000,0 миң сом өлчөмүндө түзүлсүн жана пайдалануунун багыттары жана көлөмдөрү жөнүндө чечим жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы тарабынан «Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин» талаптарына ылайык кабыл алуу жагы белгиленсин.

Сканировано с CamScanner

5. № 2-тиркемедеги үлүштүк каржылоого каралган 13800,0 миң сом республикалык бюджеттен бөлүнүүчү түрткү берүүчү гранттан жеңишке ээ болгон долбоорлордун каржылоосуна 30% үлүштүк каржылоосу бөлүнгөндүгү эске алынсын жана жыл ичинде Жалал-Абад областык өнүктүрүү фондуна даярдалган долбоорлор, Жалал-Абад шаарынын ар түрдүү маселелерине жергиликтүү тургундар тарабынан демилгеленген долбоорлорду каржылоо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы тарабынан түзүлгөн комиссиянын жактыруусу менен мэриянын буйругунун негизинде каржыланаары белгиленсин.
6. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана өзгөчө кырдаалдардын кесепетин жоюуга каралган 250,0 миң сом акча каражаты мэриянын алдында түзүлгөн комиссиянын жыйынтыгы менен мыйзам чегинде шаар мэриясынын буйругунун негизинде каржылансын.
7. Коронавирустук инфекциянын алдын алууга жана кесепетин жоюуга каралган 2 500,0 миң сом акча каражаты мэриянын алдында түзүлгөн комиссиянын жыйынтыгы менен мыйзам чегинде шаар мэриясынын буйругунун негизинде каржылансын.
8. Шаардык бюджеттин эсебинен ар бир мугалимге ай сайын коммуналдык чыгымдарын төлөө үчүн компенсация 2021-жылдын 1-январынан тартып 500 сомдон төлөп берүү, мугалимдер күнүнө карата ар бир мугалимге, бала бакчалардын тарбиялоочуларына 2000 сомдон (шаардык кеңеш тарабынан бекитилген жобого ылайык) төлөп берүү шаардык билим берүү бөлүмүнө милдеттендирилсин.
9. Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнө бала бакчаларга I-тайпадагы ата-энеси майыптардын, I-II-тайпадагы майып балдарды, тоголок жетимдерди 100%га ата-эне акысынан (родплата) жана ар түрдүү жыйымдардан толугу менен бошотулсун.
10. Жалал-Абад шаарынын бюджетинен каржыланган мекемелердин штаттык бирдиктери токтомдо тиркелген № 5, № 6, № 7, № 8, № 9, № 11, № 12, № 13, № 14, № 15, № 17, № 18, № 19, № 20, № 21, № 22, №23, № 24, № 25 -тиркемелерге ылайык өзгөртүү толуктоолор менен бекитилсин жана кызматтык пайдалануу үчүн (КПҮ) колдонулуусу белгиленсин.
11. Атайын эсептен каржыланган Жалал-Абад шаарынын мэриясынын алдындагы керек жарак рыногу жана кызмат көрсөтүү департаментинин, «Жалал-Абад Тазалык» мекемесинин штаттык бирдиктери № 10, № 16 -тиркемелерге ылайык өзгөртүү толуктоолор менен бекитилсин жана кызматтык пайдалануу үчүн (КПҮ) колдонулуусу белгиленсин.
12. Жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин штаттык бирдиктеринде кошумча үстөк акылар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» токтомунун 4-пунктунун 4-пунктчасына ылайык төлөп берүү жагы мекемелердин жетекчилерине милдеттендирилсин.
13. Жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин муниципалдык кызматка кирбеген штат бирдиктерине кошумча үстөк акылар эмгек акынын аздыгын эске алуу менен штат бирдиктеринде көрсөтүлгөн үстөк акыга ылайык төлөп берүү жагы мекеме-ишканалардын жетекчилерине милдеттендирилсин.
14. Жалал-Абад шаарынын мэриясынын алдындагы жаштар иштери боюнча комитети 2021-жылдын 1-мартынан жоюлуп, анын милдеттерин Жалал-Абад шаардык жаштар иштери, дене тарбия жана спорт бөлүмүнө өткөрүп берүү жана мындан кийин жаштар иштери боюнча комитети жүргүзгөн иш чараларды аткаруу жагы Жалал-Абад шаардык жаштар иштери, дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн жетекчисине жана мэриянын социалдык тармак боюнча вице-мэри Р. Алтымышевке милдеттендирилсин.

Сканировано с CamScanner

24. Жалал-Абад шаарынын спорт тармагына кошкон чоң салымы үчүн А.Бакировго 200.0 мин сом материалдык жардам төлөп берүү жагы Жалал-Абад шаардык жаштар иштери, дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн жетекчисине милдеттендирилсин.
25. Жалал-Абад шаары Кузнечная көчөсү 60-үйүнүн тургуну Таджибаев Латибжан Каримжановичке 100,0 миң сом, Жалал-Абад шаары Достук кичи району, Жумуков көчөсүнүн 14-үйүнүн тургуну Айтбаев Азамат Садыровичке 100,0 мин сом, Жалал-Абад шаарын, Пушкин көчөсү 148-2 батиринин тургуну Тургунбаева Даткайымга 100,0 миң сом материалдык жардам бөлүп берүү жана тиешелүү документтерди тактоо жагы Жалал-Абад шаардык "Үй бүлөөгө жана балдарга жардам берүү" кайрымдуулук борборунун жетекчисине милдеттендирилсин.
26. Бюджеттик мекемелердин жетекчилерине мамлекеттик сатып алуу порталына сатып алууларды жарыя бергенде алынуучу кызматтарды, товарларды ж.б. жумуштарды сөзсүз төмөндөгүлөрдү көрсөтүү жагы милдеттендирилсин:
    а) сатып алынуучу товар, кызмат ж.б. мөнүздөмөсү берилүүсү;
    б) сапаттуу товарларды жана жумуштарды жасатуу;
    в) алынган товардын же жумуштун сапатына кепилдик берүү;
    г) керектүү жерлерде сертификат талап кылуу жана сертификат менен дал келтирип алуусу.
27. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Б.Беркбаева) милдеттендирилсин.
28. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын шаардык кеңештин бюджет, экономика, финансы жана салык боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.
29. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jacity.kg расмий сайтында жарыялангандан тартып күчүнө кирет.

**Жалал-Абад шаардык кеңешинин төрагасы** **А. Жоробаев**

Samsung Quad Camera
Снято на Galaxy A51

Сканировано с CamScanner